КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“28” июль 2026-жылдагы №39 Панфилов айылы

## Курама айыл аймагына караштуу трассанын боюнда жайгашкан соода түйүндөрүнө тиешелүү жер тилкелерин убактылуу пайдаланууга (ижарага) берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34, 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы №149 “Кыргыз Республикасынын Жер кодекси” Мыйзамынын 21, 28-беренелерине, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомунун типтүү жобосунун 4-бөлүмүнүн 11-пунктусуна, ылайык, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагынын аймагында жайгашкан республикалык маанидеги Кара-Балта – Чалдовар автомобиль жолунун боюндагы соода объекттерине тиешелүү жер тилкелери төмөнкү объекттерге 2026-жылдын 31-декабрына чейин убактылуу пайдаланууга (ижарага) берилсин жана ижара мөөнөтү узартылсын, ошондой эле Кара-Балта – Чалдовар автомобиль жолун реконструкциялоо (ондоо) иштери башталганга чейин ижара мөөнөтүн андан ары узартуу укугу менен:
   - Панфилов айылы, Центральная көчөсү №218 дарегинде жайгашкан «Нурсултан» дүкөнү;
   - Панфилов айылы, Центральная көчөсү №309 дарегинде жайгашкан малга тоют сатуу соода объектиси;
   - Панфилов айылы, Центральная көчөсү №236 дарегинде жайгашкан жеңил конструкциядан курулган дүкөн;
   - Панфилов айылы, Центральная көчөсү №317 дарегинде жайгашкан чарбалык товарлар дүкөнү.

2. Жер тилкелери үчүн ижара акысынын өлчөмү көз карандысыз баалоочунун корутундусунун негизинде белгиленсин жана ижара акысы 2026-жылдын 1-январынан тартып эсептелип, эсептелген төлөмдөр мыйзамдарда белгиленген тартипте өндүрүлсүн.

3. Курама айыл өкмөтүнө трассанын боюнда жайгашкан соода түйүндөрүнө тиешелүү жер тилкелерин убактылуу пайдаланууга (ижарага) берүү боюнча тиешелүү келишимдерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүү тапшырылсын.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**